| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | И. Раззакова атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети. |
|---|---|
| | БИЛИМ БЕРҮҮНҮН САПАТЫН КАМСЫЗДОО СИСТЕМАСЫ |
| | ДП________________________ |

ЖАКТЫРЫЛДЫ
И. Раззакова ат. КМТУ
Окумуштуулар кенешининин
отурумунун
№ 7 протоколу
«06» февраль 2025 ж.

БЕКИТЕМИН
И. Раззакова атындагы КМТУ ректору
ф.-м.и.к., доц. М.К. Чыныбаев
______________________

буйрук №1/35 «07» 03 2025 ж

# И. РАЗЗАКОВ атындагы КМТУнун «БИЗНЕС -ПРАКТИКУМ» ОКУУ-ӨНДҮРҮШТҮК БОРБОРУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

БИШКЕК, 2025

## ӨЗГӨРТҮҮ БАРАКЧАСЫ

| № НПА ерсиясы | өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген бөлүмдүн/пункттун же абзацтын (баракты көрсөтүү менен) №и | КГТУун Окмуштуулар Кенешинин протоколунун № жана күнү |
|---|---|---|
| 1 | | Протокол №7<br>26-февраль 2025 ж. |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. Жалпы жоболор

1.1 «Бизнес-практикум» окуу-өндүрүштүк борбору (мындан ары – «Бизнес-практикум» ОӨБ) И.Раззаков ат. Кыргыз Мамлекеттик Техникалык Университетинин Экономика жана бизнес Жогорку мектебинин (мындан ары – КМТУнун ЭБЖМ) "Менеджмент" кафедрасынын базасында менеджмент, бизнести башкаруу жана ишкердик жаатындагы билим берүү, илимий жана практикалык ишмердүүлүктү интеграциялоо максатында иштелип чыгып түзүлгөн.

1.2. «Бизнес-практикум» ОӨБ практикалык-багытталган окутууну ишке ашыруунун алкагында И.Раззаков атындагы КМТУнун алдында түзүлөт.

1.3«Бизнес-практикум» ОӨБун толук аталышы:

- на кыргыз тилинде: И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетини «Бизнес-практикум» окуу-ндүрүштүк борбору;

- орус тилинде: Учебно – производственный центр «Бизнес-практикум» КГТУ им. И.Раззакова;

- англис тилинде: Training and Production Center «Бизнес-практикум» Razzakov Kyrgyz State Technical University

1.4. «Бизнес-практикум» ОӨБун жайгашкан жери 720044, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Ч. Айтматов проспекти 66а

1.5. «Бизнес-практикум» ОӨБ юридикалык жак болуп саналбайт жана өз ишин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына жана тиешелүү тармакка, эл аралык жана мамлекеттер аралык макулдашуулардын жана келишимдердин жоболоруна, университеттин ички локалдык документтерине, И. Раззаков ат. КМТУнун Уставына ылайык жана ушул Жобо менен жүргүзөт.

1.6. Бул жобо «Бизнес-практикум» ОӨБун негизги максаттарын жана милдеттерин, курамын жана уюштуруу түзүмүн, уюштуруу тартибин жана ишинин негизги багыттарын аныктайт.

## 2. «Бизнес-практикум» ОӨБун максаттары жана милдеттери.

2.1. «Бизнес-практикум» ОӨБун ишмердигинин негизги максаты студенттерди ишкердикке жана бизнес башкарууга практикалык негизде үйрөтүү аркылуу алардын кесиптик компетенцияларын, ишкердик көндүмдөрүн жана реалдуу бизнес-процестерди башкаруу тажрыйбасын калыптандыруу. Бул максатка университетте түзүлгөн продукцияны ишке ашыруу аркылуу жетишилет.

2.2. Негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

2.2.1. Студенттерге ишкердиктин, бизнес башкаруунун жана коммерциялык ишмердүүлүктүн негиздерин үйрөтүү үчүн практикалык аянтча түзүү.

2.2.2. «Менеджмент» жана «Бизнес башкаруу» багыттарында билим алган студенттер үчүн окуу-өндүрүштүк практикаларды уюштуруу.

2.2.3. Университетте иштелип чыккан продукцияны ишке ашыруу шарттарын түзүү аркылуу студенттерге сатуу, маркетинг жана бизнес башкаруу жаатында практикалык тажрыйба алуу мүмкүнчүлүгүн берүү.

2.2.4. Студенттердин стартап-долбоорлорду иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, ресурстарды башкаруу жана башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу жөндөмдөрүн өнүктүрүү.

2.2.5. Студенттер, окутуучулар жана бизнес өкүлдөрүнүн ортосунда тажрыйба жана билим алмашуу үчүн кызматташтыкты чыңдоо.

2.2.6. Студенттерди УПЦ «Бизнес-практикум» ишмердүүлүгүнө тартуу аркылуу реалдуу рынок шарттарына даярдоо.

2.2.7. Студенттерде ишкердик ой жүгүртүүнү жана лидерлик сапаттарды калыптандыруу.

## 3. «Бизнес-практикум» ӨӨБун милдеттери

3.1. Жүктөлгөн милдеттерди ишке ашыруу максатында «Бизнес-практикум» ӨӨБун төмөнкү функцияларды аткарат:

- «Бизнес-практикум» ӨӨБун ишке ашырган продукцияны илгерилетүү жана позициялоо боюнча программаларды (пландарды) иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- КМТУда түзүлгөн продукция жана «Бизнес-практикум» ӨӨБу жетишкендиктери тууралуу маалыматты жайылтуу;
- ишкердик, менеджмент жана бизнес башкаруу тематикасы боюнча окуу жана практикалык сабактарды, мастер-класстарды, тренингдерди жана семинарларды өткөрүү;
- студенттерди «Бизнес-практикум» ӨӨБду башкаруу ишине тартуу, анын ичинде ишмердүүлүктү пландоо, көзөмөлдөө жана натыйжаларын талдоо;
- «Бизнес-практикум» ӨӨБ тарабынан ишке ашырылуучу программаларды (пландарды) уюштуруучулук жана маалыматтык жактан камсыздоо, анын ичинде иш графигин түзүү жана анын аткарылышын көзөмөлдөө;
- «Бизнес-практикум» ӨӨБун мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү максатында тышкы өнөктөштөр, бизнес-структуралар жана потенциалдуу инвесторлор менен өз ара байланыш түзүү;
- Бизнес башкаруу жана ишкердик жаатындагы ийгиликтүү кейстердин жана мыкты тажрыйбалардын маалымат базасын түзүү;
- «Бизнес-практикум» ӨӨБун базасында студенттер үчүн стажировкаларды жана практикаларды уюштуруу;
- Учурдагы нормативдик актыларга ылайык «Бизнес-практикум» ӨӨБун документтештирүү иштерин жүргүзүү;
- «Бизнес-практикум» ӨӨБун алкагында ар кандай деңгээлдеги иш-чараларды уюштуруу жана методикалык жактан камсыздоо;
- «Бизнес-практикум» ӨӨБун программаларын (пландарын) ишке ашыруу үчүн таланттуу жана демилгелүү студенттерди тартуу;
- КМТУда кабыл алынган нормативдик-укуктук актыларды «Бизнес-практикум» ӨӨБун кызматкерлери тарабынан сакталуусун көзөмөлдөө;
- «Бизнес-практикум» ӨӨБун милдеттерин жана ишмердүүлүк багыттарын кеңейтүү максатында техникалык жабдуулар менен кошумча камсыздоо;
- соода операцияларын жүргүзүү үчүн колдонулган материалдык-техникалык каражаттарды жана электр жабдууларын ишке жарамдуу абалда кармоо боюнча чараларды көрүү;
- «Бизнес-практикум» ӨӨБун» кызматкерлеринин эмгек шарттарынын коопсуздугун камсыз кылуу;
- эмгекти коргоо боюнча өз убагында жана сапаттуу окутууну жана талаптар боюнча билим деңгээлин текшерүүнү уюштуруу;
- эмгекти коргоо боюнча тиешелүү окутуудан өтпөгөн жана талаптарды текшерүүдөн өтпөгөн адамдарды ишке киргизүүгө жол бербөө;
- «Бизнес-практикум» ӨӨБун карамагындагы техникалык жабдууларды жана электр орнотууларды тейлөө жана пайдалануу боюнча зарыл болгон техникалык документацияны иштеп чыгуу жана жүргүзүү;
- кошумча техникалык жабдуулар жана шаймандар менен камсыздоо үчүн өтүнмөлөрдү даярдоо, алардын сатып алынышын, орнотуусун жана пайдаланууга берилүүсүн уюштуруу.

– «Бизнес-практикум» ОӨБун Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тыюу салбаган шарттарда, анын ичинде келишимдик негизде, жогоруда көрсөтүлгөн функцияларды ишке ашырууга укуктуу.

## 4. «Бизнес-практикум» ОӨБун укугу

– Бакалавр, магистратура жана аспирантура студенттерин, ошондой эле «Менеджмент» кафедрасынын жана КМТУнун ЭБЖМнын башка кафедраларынын кызматкерлерин белгилүү бир иштерди аткарууга тартуу;

– Жолугушуулар, жумушчу кеңешмелер, тренингдер, ишкердик оюндар жана башка иш-чаралар боюнча протоколдорду түзүү, кол коюу жана кабыл алынган чечимдердин аткарылышына мониторинг жүргүзүү;

– КМТУ кызматкерлеринен жана чакырылган адистерден убактылуу чыгармачыл топторду түзүү жана аларды белгилүү бир бизнес-долбоорлорду же милдеттерди ишке ашыруу үчүн тартуу

## 5 «Бизнес-практикум» ОӨБун ишин уюштуруу

5.1. «Бизнес-практикум» ОӨБун ректордун буйругу менен дайындалган адам тарабынан жетектелет.

5.2. «Бизнес-практикум» ОӨБун жетекчиси жүктөлгөн милдеттерге ылайык, аткарылуучу иштердин жалпы жетекчилигин камсыздайт.

5.3. «Бизнес-практикум» ОӨБун аткаруучулары «Менеджмент» кафедрасынын кызматкерлеринин ичинен жана зарылчылыкка жараша КМТУнун башка кафедраларынан тандалат.

5.4. «Бизнес-практикум» ОӨБун мүчөлөрү өздөрүнүн ишмердүүлүгүнүн алкагында жүргүзүлгөн иштердин жана ички талкуулардын мазмуну тууралуу маалыматты жайылтууга укугу жок.

## 6. Убактылуу илимий, чыгармачыл топтун мүлкү жана каржыланышы

6.1. «Бизнес-практикум» ОӨБун имараты жана мүлкү КМТУнун имараттарынын эсебинен бекитилет, материалдык-техникалык жабдуулар КМТУнун балансында калат.

6.2. Университет тарабынан бөлүнгөн каражаттар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган жана «Бизнес-практикум» ОӨБун ишмердүүлүгүнүн натыйжасында алынган башка булактар «Бизнес-практикум» ОӨБун ишмердигин каржылоо булактары болуп саналат.

6.3. «Бизнес-практикум» ОӨБун мүлкү анын эсебинен түзүлөт:

6.3.1. КМТУнун акча каражаттарынын жана салымдарынан;

6.3.2. КМТУнун техникалык жардамдарынан;

6.3.3.Кыргыз Республикасынын жана чет мамлекеттердин юридикалык жактарынын, ошондой эле айрым жарандардын ыктыярдуу которууларынан;

6.3.4. «Бизнес-практикум» ОӨБун билим берүү жана башка кызматтарды көрсөтүү үчүн түшкөн каражаттарынан.

## 7. Эсеп жана отчеттуулук

7.1. «Бизнес-практикум» ОӨБун экономист адистиги бар мүчөлөрүнүн бири тарабынан жүзөгө ашырылат жана уюштуруучулардын биринин же бардыгынын талабы боюнча сунушталат.

7.2. «Бизнес-практикум» ОӨБу эсепти жана отчеттуулукту уюштуруучулардын талаптарына ылайык жана ар бир заказ боюнча өзүнчө жүргүзөт.

## 8. «Бизнес-практикум» ОӨБун жоюу жана кайра уюштуруу

8.1. «Бизнес-практикум» ОӨБу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте ректордун буйругу менен кайра уюштурулат жана жоюлат.

8.2. «Бизнес-практикум» ОӨБу кайсы учурларда жоюлат:

8.2.1. Эгерде анын иши ушул Жободо белгиленген максаттарга жана милдеттерге ылайык келбейт деп таанылса;

8.2.2. КР мыйзамдарында каралган башка негиздер боюнча.

8.3. «Бизнес-практикум» ОӨБу жоюлган учурда,. И.Раззакова атындагы КМТУ жана Байкоочу Кеңеш жоюу комиссиясын түзөт, ал белгиленген тартипте иштейт.

8.4. «Бизнес-практикум» ОӨБун иш процессинде келип чыккан документтер Кыргыз Республикасынын "Улуттук архив фонду жөнүндө" мыйзамына ылайык сакталат жана пайдаланылат.

Макулдашылды:
ОПР башчысы А.Ж.Исраилов